*Кыргыз Республикасынын*
*Улуттук статистика комитети*

*Экспресс-маалымат*
2018-жылдын 12-апрели

## 2018-жылдын январ-мартындагы Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү

*(млн. сом)*

| | Иш жүзүндө | 2018 январ-марты 2017[1] январ-мартына карата пайыз менен | Маалымдама: 2017[1] январ-марты 2016 январ-мартына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| Ички дүң продукт (алдын ала баалоо) | 98267,2 | 101,3 | 107,3 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 87623,8 | 102,9 | 103,0 |
| Өнөр жай продукциясынын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмү - бардыгы | 57376,9 | 99,5[2] | 136,3[2] |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 37033,1 | 109,3[2] | 124,4[2] |
| Пайдалуу кендерди казуу | 2919,8 | 84,5[2] | 170,6[2] |
| Иштетүү өндүрүшү | 40085,2 | 98,9[2] | 137,7[2] |
| Электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 13903,6 | 108,6[2] | 117,9[2] |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 468,3 | 107,0[2] | 102,3[2] |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун дүң продукциясы | 22336,5 | 101,7 | 101,1 |
| Каржылоонун бардык булактарынын эсебинен негизги капиталга инвестиция (капиталдык салымдар) | 18522,5 | 104,5 | 99,9 |
| Курулуштун дүң продукциясы | 17378,3 | 104,2 | 91,7 |

| | Иш жүзүндө | 2018 январ-марты 2017[1] январ-мартына карата пайыз менен | Маалымдама: 2017[1] январ-марты 2016 январ-мартына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| Дүң жана чекене сооданын жалпы көлөмү, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо | 81412,1 | 104,7 | 103,9 |
| анын ичинде автомобилдерди жана мотоциклдерди сатуудан тышкары чекене соода | 45302,3 | 103,1 | 104,5 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү | 3537,8 | 106,2 | 106,9 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдү ташуу, миң тонна | 6986,8 | 102,4 | 103,1 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуу, млн. адам | 159,6 | 102,7 | 103,8 |
| Почта жана чабарман ишмердигинин кызмат көрсөтүүлөрү | 166,8 | 100,7 | 91,2 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 5397,3 | 94,0 | 83,9 |
| Керектөө бааларынын индекси | | 103,1 | 101,5 |
| - 2017-ж. декабрына карата | 101,1 | | |
| - 2017-ж. мартына карата | 102,7 | | |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң адам | 61,9 | 104,4 | 102,2 |
| Бир кызматкердин орточо айлык номиналдык эмгек акысы[3], сом | 14561 | 106,5 | 104,5 |
| Тышкы соода жүгүртүү[4] | 960,3 | 130,2 | 98,0 |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 308,3 | 97,2 | 90,3 |
| Экспорт[4], млн. АКШ доллары | 229,5 | 102,4 | 91,0 |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 91,9 | 89,0 | 94,2 |
| Импорт[4], млн. АКШ доллары | 730,8 | 142,3 | 101,4 |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 216,4 | 101,2 | 88,5 |

[1] Айрым көрсөткүчтөр такталды.
[2] Физикалык көлөмдүн индекси.
[3] Январ - февраль 2018-ж. (чакан ишканаларды эсепке албаганда).
[4] Январ - февраль 2018-ж. (алдын-ала маалыматтар боюнча).

## 2018-жылдын январ-мартындагы Кыргыз Республикасынын экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн жыйынтыгына кыскача түшүндүрмөлөр

**Өнөр-жай.** Өнөр жай өндүрүшүнүн төмөндөшү, өткөн жылдын январ-мартына салыштыруу боюнча, металл рудаларын казып алуу - 38,7 пайызга, транспорттук каражаттардын - 32,2 пайызга, машиналардын жана жабдуулардын - 24,7 пайызга, негизги металлдардын - 6,4 пайызга, тамак-аш продукттарынын – 1,8 пайызга кыскарышы менен шартталды. Ушул эле учурда, өнөр жайдын көлөмдөрүнүн төмөндөшүнө өткөн жылдын январ-мартындагы өнөр жай өндүрүшүнүн жогорку деңгээли да орчундуу таасирин тийгизди.

Муну менен катар, текстиль өндүрүшүнүн (1,8 эсеге), кийим өндүрүшүнүн (25,3 пайызга), резина жана пластмассалык буюмдардын, башка металл эмес минералдык продукттардын (36,6 пайызга), муңай зат продукттарынын (31,6 пайызга) чыгаруу көлөмдөрүнүн көбөйүшү менен камсыздалды.

Электрэнергиясы, газ, буу жана кондиционирленген аба менен камсыздоонун көлөмү, 2017-жылдын январ-мартындагы деңгээлинен 8,6 пайызга ашык болду, бул электрэнергиясын өндүрүүнүн өсүшүнүн жана бөлүштүрүүнүн эсебинен жүрдү.

**Айыл чарбасы.** 2018-жылдын январ-мартында айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук продукцияларынын көлөмдөрүнүн көбөйүшү, өткөн жылдын ушул мезгилине  салыштырганда мал чарбачылык продукцияларды өндүрүүнүн эсебинен камсыз болду.

**Курулуш.** Негизги капиталга инвестициянын көлөмүнүн өсүшү айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук, пайдалуу кендерди казуу, кайра иштетүү өндүрүшү, дүң жана чекене соода, маалымат жана байланыш, финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу, билим берүү, саламаттыкты сактоо, искусство, көңүл ачуу жана эс алуу, башка тейлөө ишмердиги, ошондой эле турак жай объекттеринин курулушунда белгиленди.

Муну менен катар, негизги капталга инвестициянын төмөндөшү электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу), суу менен жабдуу, тазалоо жана калдыктарды иштетүү, транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо, мейманканалар жана ресторандар, башка тейлөө ишмердиги объекттеринин курулушунда белгиленди.

Ички булактардын эсебинен каржыланган инвестициялардын көлөмү 19,6 пайызга өстү, ал эми тышкы булактардын эсебинен каржыланган инвестициялардын көлөмү тескерисинче, 34,7 пайызга төмөндөдү.

Негизги көлөм (инвестициянын жалпы көлөмүнүн 82,5 пайызы) пайдалуу кендерди казуу, кайра иштетүү өндүрүшү, электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу), транспорт ишмердиги жана турак жай объекттеринин курулушуна багытталды.

**Соода.** Дүң жана чекене соода, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо боюнча жүгүртүүнүн көбөйүшү, өткөн жылдын январ-мартына салыштырмалуу, негизинен дүң (9,4 пайызга) жана чекене соода (3,1 пайызга) көлөмдөрүнүн өсүшү менен камсыздалды.

Мейманканалар жана ресторандар тарабынан көрсөтүлгөн кызматтардын көлөмдөрү, 2017-жылдын тийиштүү мезгилине салыштыруу боюнча, Чүй облусунан башка, республиканын бардык региондорунда өстү.

**Эмгек акы.** Эсептелген орточо айлык эмгек акынын өсүү темпинин жогорулашы экономикалык ишмердиктин бардык түрүндөгү ишканаларда жана уюмдарда байкалды, бирок эң олуттуу жогорулашы курулушта (22,8 пайыз), башка тейлөө ишмердиги (21,5 пайыз), кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик (13,8 пайыз), кыймылсыз мүлк операциялары (12,8 пайыз), мамлекеттик башкаруу жана коргоо, милдеттүү социалдык камсыздоо (10,9 пайыз), финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу (9,7 пайыз), ошондой эле транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо (8,5 пайыз) чөйрөсүндө байкалды.

**Баалар.** Үстүдөгү жылдын мартында өткөн айга салыштырмалуу, керектөө баалары жана тарифтер 0,3 пайызга төмөндөдү. Ушул эле учурда, кызмат көрсөтүүлөргө (0,2 пайызга), алкоголдук ичимдиктерге (0,5 пайызга) азык түлүк эмес товарларга (0,3 пайызга) баалардын төмөндөшү белигленди. Ошондой эле учурда ү.ж. мартында өткөн айга салыштырганда, алкоголдук ичимдиктерге жана тамекиге карата баалар 0,5 пайызга жогорулады.

Үстүдөгү жылдын мартында өткөн айга салыштырмалуу, керектөө бааларынын жана тарифтердин өсүшү (0,2 пайызга) Ош облусунда катталды, ал эми Чүй облусунда – алар өткөн айдын деңгээлинде сакталды.

Үстүдөгү жылдын I кварталында керектөө секторунда инфляциянын деңгээли 1,1 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын башынан тартып керектөө бааларынын жана тарифтердин максималдуу өсүшү Нарын облусунда катталды, ал эми Баткен облусунда, тескерисинче, алардын 1,7 пайызга төмөндөшү белгиленди.

Үстүдөгү жылдын I кварталында тамак-аш продукттарына жана алкоголдук суусундуктарга карата баалар республика боюнча 0,6 пайызга жогорулады. Ушул эле учурда, Баткен облусунда (3,3 пайызга) жана Ош шаарында (0,5 пайызга) алардын төмөндөөсү, ал эми алардын эң чоң өсүшү (3,3 пайызга) - Нарын облусунда катталды.

Үстүдөгү жылдын мартында өткөн жылдын декабрь айына салыштырмалуу, жаңы жашылчаларга (11,2 пайызга), алмаларга (10,0 пайызга), кургатылган жемиштерге жана жаңгактарга (2,1 пайызга), тоңдурулган балыкка (1,9 пайызга), койдун этине (1,7 пайыз) жана орточо дандуу күрүчкө (1,4 пайызга) карата баалар орчундуу өстү. Аны менен катар эле, үстүдөгү жылдын I кварталында гречкага 9,1 пайыз, жаңы балыкка - 4,2 пайызга, куюла турган сүт - 2,8 пайызга, жумуртка - 1,9 пайызга, кум-шекер - 1,8 пайызга, картошка - 1,8 пайызга, ун - 1,2 пайызга, ошондой эле майлар жана тоң майлар - 0,7 пайызга баалар төмөндөдү.

Үстүдөгү жылдын I кварталында тамекиге карата баалар жана тарифтер 14,6 пайызга, кызмат көрсөтүүлөргө - 3,2 пайызга жана алкоголдук ичимдиктерге - 2,4 пайызга өстү.

Ушул эле учурда, республика боюнча бүтүндөй эле азык-түлүк эмес товарларга баалар 0,5 пайызга төмөндөдү. Ошондой эле, үстүдөгү жылдын башынан тартып баалардын газга (1,4 пайызга), автотранспортко (1,8 пайызга), турмуш-тиричилик кичи электр приборлоруна (2,2 пайызга), цементке (4,2 пайызга) жана катуу отунга (7,5 пайызга) баалардын төмөндөөсү катталды. Үстүдөгү жылдын январь-мартында күйүүчү-майлоочу материалдарга баалардын өсүшү 3,0 пайызды, алардын ичинен бензинге – 2,5 пайызды, дизелдик күйүүчү майга - 6,0 пайызды түздү. Үстүдөгү жылдын I кварталында аймактар боюнча алганда азык-түлүк эмес товарларга Нарын (0,9 пайызга) жана Ош (2,1 пайызга) облустарында баалардын жогорулагандыгы белгиленди.

**Тышкы экономикалык ишмердиктер.** 2018-жылдын январ-февралында 2017-жылдын январ-февралына салыштырмалуу, экспорттук жөнөтүүлөрдүн 2,4 пайызга өсүшү, пахта буласынын 2,1 эсеге, монетардык эмес алтындын - 1,6 эсеге, калдыктар жана жез сыныктары – 6,6 эсеге көбөйүшүнүн эсебинен камсыз болду.

Импорттук келип түшүү көлөмдөрүнүн 42,3 пайызга жогорулашы, синтетикалык кездемелердин - 5,7 эсеге, кийимдин - 2,8 эсеге, бут кийимдердин - 2,3 эсеге, тамекинин - 1,8 эсеге, ошондой эле муңай зат продукттарынын кирүүсүнүн – 14,5 пайызга көбөйүшү менен шартталды.

2018-ж. январ-февралында айында *ЕАЭБ мүчө-мамлекеттери менен республиканын өз ара соодасынын көлөмү* 308,3 млн. АКШ долларын түздү жана 2017-ж. январ-февралында салыштырганда 2,8 пайызга төмөндөдү. Ушул эле учурда, товарлардын иморту 1,2 пайызга өстү, ал эми экспорт, тескерисинче, 11 пайызга төмөндөдү.

ЕАЭБ мүчө-мамлекеттери менен республиканын өз ара соодасынын эң көп үлүшү Россияга (63,5 пайыз) жана Казакстанга (34,8 пайыз) туура келди.

Россиядан импорттолгон товарлардын ичинен түтүктөрдү, профилдерди (5,1 эсеге), отун тилиндилеринен жасалган плиталарды (25,7 пайыз), ошондой эле шоколадды жана башка даяр буюмдарды (17,8 пайыз) киргизүү көлөмдөрү көбөйдү.

Россияга экспорттолгон товарлардын ичинен электр трансформаторлорун - 4 эсеге, пахта буласын – 4,1 эсеге, сары майды - 20,1 пайызга, кийимдерди жана ага тийиштүү буюмдарды - 18,7 пайызга чыгаруу жогорулады. Ушул эле учурда, буурчак жашылчаларын - 1,5 эсеге, сүт жана коюу жана кургак сүт азыктары - 31,0 пайызга, ошондой эле сыр жана быштакты чыгаруу - 12,1 пайызга кыскарды.

Казакстанга экспорттолуучу товарлардын ичинен рудалар жана кымбат баалуу металлдардын концентраттары - 33,4 пайызга, айнек - 36,1 пайызга, ошондой эле сүт продукциясы- 31,1 пайызга чыгаруу азайды.

Казакстандан импорттолгон товарлардын ичинен буудай - 1,6 эсеге, кумшукер – 23,1 пайызга, таш көмүр - 4,7 пайызга жана аялдар жана балдар үчүн гигиена буюмдарынын кирүүсү - 47,0 пайызга кыскарды. Ошол эле убакта, тамекинин – 3,5 эсеге, күн карама майынын – 2,2 эсеге жана косметикалык каражаттардын кирүү көлөмдөрү - 23,1 пайызга көбөйдү

.

# Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүсү

## Ички дүң продукт
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албагандагы ички дүң продукт
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Өнөр жай продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албагандагы өнөр жай продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Айыл чарбасынын дүң продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Негизги капиталга инвестиция
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



# Керектөө бааларынын индекси

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




## Орточо айлык номиналдык эмгек акы

*(сом)*




## Реалдуу эмгек акы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Импорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Экспорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



**ЕАЭБге мүчө-мамлекеттерден болгон импорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**ЕАЭБге мүчө-мамлекеттер менен болгон экспорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Дүң жана чекене соода жүгүртүүсү**
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Төрага** **А.Ш. Султанов**